

● Улуттук банкта

# Банк сектору жана өнүгүү келечеги

**КРнын Улуттук банкынын Тышкы көзөмөл башкармалыгынын банктарга тышкы көзөмөл бөлүмүнүн жетектөөчү адиси Куштарбек НАМАЗБЕКОВ менен маек**

**Маектешкен Мырзакат ТЫНАЛИЕВ, “Кыргыз Туусу”**

***– Куштарбек Орозобаевич, Кыргыз Республикасынын банк системасынын азыркы абалы кандай?***

– Банк системасы – базар экономикасынын негизги жана ажырагыс структураларынын бири жана анын натыйжалуу иштешинен, туура тандап алынган методдорунан өлкөнүн акча-кредит рыногунун абалы, айрым экономикалык секторлордун, өлкөнүн экономикалык мүмкүнчүлүгүнүн мындан аркы өнүгүүсүнө жана туруктуулугуна, ошондой эле эл аралык рынокто өлкөнүн абалынын бекемделишине шарт түзөт.

Өлкөнүн банк системасы акыркы жылдары туруктуулукка, ишенимдүүлүккө жана банк кызматтарын колдонуучуларынын ишеничин актоого багыт алып, арыштуу жана динамикалык өнүгүүнү көрсөтүп жаткан маалы.

Бүгүнкү күнү банк секторунун абалын жалпысынан туруктуу деп айтсак болот. Ошол эле учурда банк секторунун көрсөткүчтөрүнө өлкөбүздөгү экономикалык активдүүлүктүн төмөндөшү, Орусия, Казакстан, Кытай өлкөлөрүндөгү, ЕАЭБ жана ШКУ өлкөлөрүндөгү орун алган макроэкономикалык кырдаалдар терс таасирин тийгизүүдө.

***– Банк системасынын негизги көрсөткүчтөрүнө токтолуп кетсеңиз.***

– Өлкөбүздүн банк системасы өзүнүн көлөмүн сактап келүүдө жана келечекте активдерин көбөйтүү максатына багыт алууда. 2016-жылдын биринчи жарым жылында 2015-жылдын биринчи жарым жылдыгына карата банк системасынын активдеринин 11,9 пайызга өсүп 174,8 млрд. сомду түзгөндүгү, кредиттердин 2 пайызга өсүп 90,4 млрд. сомду түзгөндүгү буга мисал. Депозиттик база 13,4 пайызга көбөйүп 101,6 млрд. сомду түздү. Жеке жактардын депозиттери 51 пайызды түзүп депозиттердин структурасында үстөмдүк кылаарын айта кетсек болот. Алгачкы эки көрсөткүч банк секторундагы активдердин көбөйгөндүгүнөн кабарласа, акыркысы депозиттер базасынын өсүшү бул калктын банк секторуна карата ишеними артып жаткандыгынан маалымат берет.

Белгилей кетчү нерсе, 2016-жылдын башына карата экономиканын өсүү темптеринин басаңдашы жана экономикалык активдүүлүктүн төмөндөшү банк системасынын негизги көрсөткүчтөрүнүн бир аз төмөндөшүнө алып келди жана банк системасынын жыйынтыгына таасир этип, таза пайданын деңгээлинин төмөндөшү байкалууда. Маселен, эгер 2015-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы менен банк системасынын таза пайдасы 1 млрд. 188 млн. сомду түзсө, 2016-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча таза пайданын көлөмү 18,7 млн. сомду гана түзгөн.

Өлкөнүн банк тутуму тыштан келүүчү капиталдын агымы үчүн дайыма ачык. 2016-жылдын биринчи жарым жылынын жыйынтыгы менен, банк тутумунун уставдык капиталынын чет элдик катышуучуларынын үлүшү 43,9%ды түздү. Салыштыруу үчүн айтсак, ушул эле көрсөткүч 2016-жылдын башында 42,8% болгон.

***– Өлкөнүн банк системасынын ишенимдүүлүгүн жана туруктуулугун аныктаган мисалдарды келтирип кетсеңиз.***

– Банк системасынын ишенимдүүлүгү жана туруктуулугу коммерциялык банктардын таза суммардык капиталынын жетиштүү бийик деңгээлде болуп, кандайдыр-бир бышыктык запасынын болушун аныктайт. Коммерциялык банктардын суммардык капитал шайкештигинин коэффициенти 2016-жылынын 1-жарым жылдыгында талап кылынган 12%дын ордуна – 24,6%ды түздү. Бул деген, Кыргызстандын банк сектору таза тобокел активдеринин өлчөмүн 2 эседен ашык көбөйтсө дагы туруктуу бойдон калат дегенди түшүндүрөт.

Ликвиддүүлүктүн көрсөткүчтөрү 2015-жылдын 1-жарым жылдыгындагы аныкталган нормативдик деңгээлден жогору жана азыркы тапта банк тутумундагы акыркы ликвиддүүлүктүн коэффициенти нормадагы 45%дын ордуна 79,9%ды түздү. Көпчүлүк банктарда өздөрү үчүн «ыңгайлуу» болгон ликвиддүү каражаттардын запасы бар. Бул деген керек убакта аманатчылардын алдында өздөрүнүн милдеттүү төлөмдөрүн төлөп бере алышат.

***– Улуттук банктын банк системасынын туруктуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн жогорулатууга багытталган негизги иш чараларын атап кетсеңиздер.***

– 2015-жылы банк тутумунун туруктуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу жана банк системасына калктын ишенимин арттыруу максатында кайрадан ачылып жаткан жана иштеп жаткан банктар үчүн минималдуу капиталдын жана өздүк каражаттарынын көлөмүнө жаңы талаптар бекитилген. Ошол эле учурда акырындык менен банктардын минималдык капиталын көбөйтүү максатында 2016-жылдын 1-июлуна карата коммерциялык банктардын уставдык капиталынын көлөмү 400 млн. сомго чейин жогорулатылып, 2017-жылдын 1-июлуна карата банктардын уставдык капиталынын көлөмү 600 млн. сомго чейин жогорулашы күтүлүүдө.

Улуттук банк жана Өкмөт Кыргызстанда турак-жайды сатып алуу үчүн АКШ доллары менен насыя алып улуттук валютанын долларга карата өзгөрүүлөрүнөн улам оор жагдайга туш болушкан жеке адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жана банк секторунун кредиттик тобокелдиктеринин өсүп кетишине жол бербөө максатында аталган кредиттердин негизги суммасы боюнча карызды КРнын Улуттук банкынын 2015-жылдын 1-июлуна карата расмий курсу (1 АКШ доллары - 62.1422 сом) менен сомго өткөрүп берүү боюнча иш жүргүздү.

***– Улуттук банк экономикадагы долларлашууну азайтуу үчүн кандай иш чараларды алып барууда?***



– 2015-2016-жылдары Улуттук банк тарабынан экономикадагы долларлашууну азайтуу максатында ченемдик актылар кабыл алынган. Ага ылайык, коммерциялык банктар улуттук валютада берилген кредиттер боюнча мүмкүн болуучу чыгымдардын ордун жабуу үчүн резерв (РППУ) түзүү зарылчылыгы жок. Бул чаралар кирешеси улуттук валютада болгон насыя алуучуларга коммерциялык банк тарабынан насыяларды улуттук валютада берилишине түрткү боло алат.

Ошол эле учурда, жаңы берилип жаткан чет өлкө валютасындагы насыялар боюнча камды түзүү боюнча ченемдик актыларга өзгөртүү киргизилген, атап айтканда, эгерде, насыя алуучунун чет өлкө валютасында кирешеси жок болуп же чет өлкөлүк валютадагы киреше бардык кирешесинин аз гана бөлүгүн түзө алса, анда банк бул кредит боюнча резервди көбүрөөк суммага түзүшү абзел.

Ошондой эле, чет өлкөлүк валютадагы кредиттерди сомго айлантуу боюнча экинчи кайра реструктуризациялоодо жана кредиттик келишимдин шарттары өзгөрүүлөргө дуушар болгон кезде (насыянын шарттарын өзгөртүү, пайыздык чен, жана башкалар) резервди (РППУ) түзүүгө талаптар жеңилдетилген, ошол эле убакта, күбөлүктүн негизинде ишкердикти жүзөгө ашырган же эмгек акы долбоорлорунун алкагында төлөм карттары боюнча патент менен иш алып баргандарды эске албаганда, жеке адамдарга ипотека жана керектөө кредиттерин чет өлкөлүк валютада берүүгө тыюу салынган.

***– Банк сектору өзүнө эмнелерди камтыйт?***

– Азыркы орун алган банктык структурада КРнын Улуттук банкы, 25 коммерциялык банк жана «Кыргыз банктар бирлиги» банк секторунун туруктуу структуралык катышуучулары болуп эсептелет.

25 коммерциялык банктын 2 банкы акционердик капиталынын 100 пайыз катышуусу менен мамлекеттик болуп саналат, 11 банктын капиталдын катышуусунун олуттуу үлүшүн чет өлкөлүк капитал түзүп (50%дан ашык) чет өлкөлүк болуп саналат.

Азыркы убакта өлкөнүн банк сектору өзүнө 25 банкты жана алардын 325 филиалын жана 869 сактык кассасын камтыйт. Ишмердигине жараша коммерциялык банктар универсалдык болуп саналат.

Акыркы кездерде коммерциялык банктар сактык кассаларын филиалдарга айландыруу жолу менен кеңейе баштаты. Коммерциялык банктардын филиалдык түйүндөрүнүн көбөйүшү азыркы учурдагы атаандаштыкты эске алуу менен кардарларга багытталган. Ушуга байланыштуу жакын арада алыскы райондордо коммерциялык банктардын филиалдары жана өкүлчүлүктөрү ачылып, жарандар тигил же бул банктын кызмат көрсөтүүсүн тандоого мүмкүнчүлүк түзүлөт деген ишеним бар.

Азыркы күндө банк системасында иштеген адамдардын саны 14,5 миңге жетти, же жалпы калктын санынын үлүшүндө 0,24 пайызды түздү (2016 жылдын 1-июлуна карата өлкөнүн калкынын жалпы саны 6 млн. 78 миң адам).

Банк секторунун катышуучуларынын ролун ашыкча баалап салуу кыйынга турат, эгер коммерциялык банктардын ролу ири корпоративдик компаниялардын, чакан жана ири бизнестик ишканалардын, жеке менчик ишканалардын жана жеке жактардын өнүгүшү үчүн финансылоону сунушташат. Ал эми Улуттук банктын негизги ишмердүүлүгү банк ишмердүүлүгүнүн коопсуздугун, ишенимдүүлүгүн жана натыйжалуулугун, банк тутумунун туруктуулугун жогорулатууну жана бекемдөөнү көздөп, ал аманатчылар менен коммерциялык банктардын кредиторлорунун кызыкчылыгын банктардын ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө жана жөнгө салуу жолу аркылуу ишке ашырат.

***– Кыргыз Республикасындагы банк тутумунда банктык кызмат көргөзүүлөрдүн кандай түрлөрү бар?***

– Өлкөдөгү коммерциялык банктар сунуштаган банктык кызмат көрсөтүү рыногунун талдоосунун жыйынтыгына таянсак, ал көп тармактар боюнча түрдүү кызматтарды көрсөтөт. Аларды өз-өзүнчө бөлө турган болсок, анда депозиттик, кредиттик, эсеп-кассалык операциялар, анын ичинде ар түрдүү инструменттерди колдонгон эсептик операциялар, акча-алмаштыруу кызматы, баалуу металл жана баалуу таштар, баалуу кагаздар, кеңеш-маалыматтык кызмат көрсөтүүлөр ж.б. бар.

Мындан сырткары, коммерциялык банктар жаңы банктык технологияны киргизүү боюнча иштерди аткарып жатышат. Анын ичинде, банкомат жана POS терминалдар аркылуу жаңы төлөм кызматын жайылтуу каралууда. Жаңы банк продуктыларын жайылтуу (ислам принциптери менен финансылоо, интернет-банкинг), кардарларга жогорку сапаттагы кызмат көрсөтүүнү сунуштоо жана кардардын улам жаңы каалоо-тилектерин, талаптарын орундатуу – коммерциялык банктардын ийгилигинин фактору болуп эсептелет.

***– Үмүттөр жана банк секторунун өнүгүү келечеги.***

– Банк секторунун өнүгүү программасына атаандаштык чөйрөсүн өнүктүрүү жана банктардын ишинин ачык-айкындуулугун камсыз кылуу кирет. Коюлган максаттарга жетишүү үчүн банк секторунун катышуучуларынын сергек атаандаштыгын бекемдөө жана тартипти жогорулатууга багытталган банктардын жана Улуттук банктын биргелешкен иш-аракеттери зарыл.

Бул иш-чаралардын ийгиликтүү ишке ашуусунан банк секторунун кредиттик продуктылар боюнча пайыздык чендерди турукташтырууга жана төмөндөтүүгө шарт түзөт, бул өз кезегинде, финансылык кызмат үчүн көбүрөөк мүмкүнчүлүк берет жана мындан ары банк тутумунун ички ресурстарды көбөйтүү жана финансылык ортомчулук деңгээлин жогорулатат.

Ошондой эле, Улуттук банк Өкмөт менен бирдикте «Улуттук банк, банктар жана банк ишмердүүлүгү жөнүндө» мыйзамдын долбоорун алга жылдыруу боюнча чараларды көрүп жатат. Бул долбоорду кабыл алуу өлкөдөгү банк мыйзамдарын жаңы сапаттуу деңгээлге чыгарууга шарт түзүп, банк ишин жүзөгө ашырууда жана жөнгө салууда мамилелерди так жөнгө салууга өбөлгө түзөт да, карама-каршылыктарды жана өксүктөрдү жоет.

Өлкөнүн өнүккөн экономикалык структурасы катары Кыргызстандын банк системасы ЕАЭБ алкагында интеграциялык процесстерди кеңейтүүгө түздөн-түз катышат жана мамлекеттин экономикасынын абалына таасир этет.

Кыргызстандын банк системасына Евразиялык экономикалык биримдиктин интеграциялык талаптарына жооп берген жана республиканын банк системасынын өнүгүшүнө шарт түзгөн ЕАЭБ өлкөлөрүнүн натыйжалуу тажрыйбасы керек .

Мындан тышкары, борбордук (улуттук) банктар жана ЕАЭБге катышуучу мамлекеттердин мамлекеттик органдары менен банк секторундагы мыйзамдарды үндөштүрүү боюнча биргелешип иш алып баруу күтүлүүдө. Мында үндөштүрүү пруденциалдык жөнгө салуу, керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо, финансылык рыноктун катышуучуларына таасир этүү чараларын көрүү ж.б. багыттар боюнча жүргүзүлмөкчү.

ЕАЭБ алкактарында мыйзамдарды үндөштүрүү 2015-жылга чейин жүргүзүлүшү болжолдонулууда, ал мүчө-мамлекеттердин айрым чөйрөлөрдөгү, анын ичинде комбанктардын ишмердүүлүкүтөрүн лицензиялоо маселесинде да окшош ченемдик укуктук жөнгө салууну белгилөө каралган. Үндөштүрүүнүн башкы максаты болуп бирдиктүү финансылык рынокту түзүү, капиталдын эркин кыймылы үчүн шарттарды түзүү, ошондой эле банк секторунда лицензияларды өз ара таануу саналат.